**УДК 391**

***Токтакунова. Ж. Ш.***
*КГУ им. И. Арабаева*
*Бишкек, Кыргызстан*
J***. Sh. Toktakunova***
*I. Arabaev KSU*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЖОО КИЙИМДЕРИНИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# ОСОБЕННОСТИ ОДЕЖДЫ ВОИНОВ В ЭПОСЕ «МАНАС»

# FEATURES CLOTHING WARRIORS IN THE EPIC «MANAS»

***Аннотация:*** *Бул макалада «Манас» эпосундагы кыргыз элинин өз эркиндиги, эгемендиги үчүн кармашып келген баатырлардын күрөшүнүн түзүлгөн көз карандысыз конфедеративдик мамлекетинин даназалуу баяны. Кыргыз элинин тарыхый эпикалык баатырдык доордо жаралган образдуу чыгармасында элдин жашоо тиричилиги жаныбарлар менен бекем байланышта болгон. Нечен кылымдардын тажрыйбасы менен географиялык климаттын кескин континенталдуулугуна ылайыкташтырылган салттуу кийимдер менен бирге эле жоо кийимдери дагы өтө чеберчилик менен жасалып негизги орунду ээлеген. Жоо кийимдери баатырларды магиялык сыйкырдуу күчү менен сактап ыңгайлуу, сындуу, жарашыктуу, көркөмдүү, сыпатталып жасалып: Чарайна, Соот, Кыяк, Туулга, Карыпчы, Боз кисе, Көк жеке, Накер деген өзгөчө стилизацияланган аттарга ээ болгон кийимдер жөнүндө маалымат берилет.*

***Негизги сөздөр:*** *Чарайна; Соот; Кыяк; Туулга; Карыпчы; Боз кисе; Көк жеке; Накер; көз карандысыз; эркиндик;эгемендик; континенталдуу; магиялык; чеберчилик; сыйкырдуу; ыңгайлуу; сындуу; жарашыктуу; көркөмдүү; сыпатталып; стилизация.*

***Аннотация:*** *В статье эпос «Манас» рассмотрен как история героев, боровшихся за независимость, свободу, суверенитет своего народа. Содержание героического эпоса показывает что жизнь людей была тесно связана с животными. По многовековому опыту, с учетом географического сурового континентального климата изготавливались как традиционная, так и воинская одежда. Магическая сила одежды изготовленная с большим мастерством, заключалась в том, что она оберегала героев своим волшебством, воинскую одежду дополняли и не менее важные элементы доспехов. Одежда эпических воинов была удобна, элегантна, эффектна и имела различные необычные загадочные названия: Чарайна, Соот, Кыяк, Туулга, Карыпчы, Боз кисе, Көк жеке, Накер.*

***Ключевые слова:*** *Чарайна; Соот; Кыяк; Туулга; Карыпчы; Боз кисе; Көк жеке; Накер; независимость; свобода; суверинитет; суровоконтинентальный; магия; мастерство; волшебство; доспехи; удобный; элегантный; эффектный.*

***Annotation:*** *Manas epic story of struggle heroes who fought for their ownindependence, freedom, sovereignty. The era of the history of the heroic epic shows that human life was closely connected with animals. According to centuries-old experience with regard to the geographical surovokontinentalnogo climate produced as a traditional and military clothing. The magic power of clothes craftsmanship guarded magic heroes, supplemented clothes and no less important elements of armor. They were comfortable, elegant, spectacular, and they were called such unusual cryptic names like: Charayna, Soot, kayak, Tuulga, Karypchy, Boz Website articles, Kok Zheke, Naquera.*

***Key words:*** *Charayna; Soot; kayak; Tuulga; Karypchy; Boz Website articles; Kok Zheke; Naquera; independence; freedom; suverinitet; surovokontinentalny; magic; skill; magic; armor; comfortable; elegant; spectacular.*

Манас эпосу кылымдар бою өткөн тарыхын эске салып, кыргыздардын идеологиялык жол көрсөтүүчү тарыхый китеби катары көп улуттуу элди баш коштуруп түзүлгөн конфедеративдик мамлекетинде татаал мезгилдерде элди бириктирген.

«Манасты» укканда, ыйлабаган кыргыз жок; «Манаста» байыркы баатырдык тарыхый мезгилдин элеси чагылдырылган» – деп, таамай белгилеген Чыңгыз Айтматов.

Кыргыздар борбордук Азияда гана эмес, дегеле эң байыркылыгы жөнүндө академик В. В. Бартольд дагы «Кыргыздарды эн байыркы элдердин бири!» – деп, жазган.

Залкар «Манас» эпосундагы каармандардын өзгөчө башкы каармандардын көркөмдүк образын түзүүдө баатырлар урунган зоот курал-жарактары, мифтик образдагы минген аттары менен катар магиялык касиетке ээ согуштук кийимдери маанилуу ролду ойношкон. Эпосто баштан-аяк каармандардын, эпикалык баатырлардын колдонгон буюмдарынын, урушка кийүүчү кийим-кечелеринин, жоодо колдонуучу курал-жабдыктарынын бардыгынын магиялык уникалдуу энчилуу аттары бар.Уруш майданында душмандардын жоо куралдарынан коргонуу үчүн кийилчү идеялизацияланган: Чарайна, Соот, Кыяк, Туулга, Карыпчы, Боз кисе, Көк жеке, Накер сыяктуу феноменалдуу кийимдери болгон.

**Чарайна** – 1. ичтен (ич кийимдин сыртынан) кийиле турган, денеге кынаптап катуу металлдан же калын териден, булгаарыдан жасалган соот кийим; 2.баатырлардын төшүнө тартына турган атайын темирлер; 3. кээде сырттан капталуучу тери, булгаары (жабуу, ороо турундо) [5, 2-Т. 330].

Карагулдун сыягы.
Чарайна, соот, кыягы,
Кыпкызыл кан быягы
Найзанын учу тийиптир [1, 419].

Чарайна жоо кийимдеринин негизгилеринин бири экени айтылат.

Кабырганын бетине,
Как кемердин четине,
Чарайнасы чатырап,
Жарылып кетип быркырап – деп, же
Найза тошко так этип,
Чарайнага чак этип, – деген саптарда айтылып тургандай салгылашта баатырлардын денесин найза, кылыч сыяктуу жоо куралдардан коргоп, сактап турган төшкө тартынган кийимдердин бир болугу катары сүрөттөлсө [1, 428,448], Көкөтөй өлөөрүндө керээз кылып:

Сарбап менен буудуруп,
Замзам менен жуудуруп,
Чарайнага чаптатып,
Шайингиге каптатып – деп, [1. 16] айтылган саптарда чарайна башкача

экинчи мааниге ээ болуп, сөөкту жерге берүүдө тери менен каптап ороп, бекемдеп чаптоо деген маанини туюндуруп турат.

«Манас» эпосундагы Ч. Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашында» Көкөтөйдүн сөөгүн кызыл макмалга (баркыт) ороп «чарайна менен чаптатып, булгаары менен каптатып» көмүшкөн [5, 2-Т. 331].

**Соот** – жоокерлердин согуш кийими. Ал ок, найза, кылыч жана башка согуш куралдарынан сактануу максатында болот шакекчелери бири-бирине чиркелиштирилип, көйнөк формасында согулган [5, 2-Т. 252].

Соот, чарайна, кыягы,
Кырк баатырды карасак
Соо калбастай сыягы [1, 99];
Соотунун чачысы
Туш-тушуна шоодурап – деп, Алмамбеттин кийген сооту [1, 282],
Айбанбоз атты калкытып,
Ак күбө тонду жаркытып,
Соот, чопкут, кыягы, – деп, Көл-Кечүүдөгү Манастын кийими сүрөттөлөт [1, 449].

Соот менен кыягы

Согушка даяр сыягы – деп, Конурбайдын дагы соот кийим кийгени көрүнүп турат [1, 157]. Чарайна сыяктуу эле соот кийими дагы денеге калканч болгон.

**Кыяк** (монг. «хуяг») – жоокерлер согушта кийүүчү соот кийим, чарайна, К. К. Юдахиндин түшүндүрмөсү боюнча көкүрөккө, (төшкө) кийе турган соот. Ал эми курама варианттагы түшүндүрмөдө – «темир тондун бел тарткычы». Монгол тилинде – хуяг. 1) калкан, чопкут, соот; 2) соот; 3) соот, (чарайна) кийген жоокер деген түшүнүктө берилет [5, 1-Т. 380]. «Манас» эпосунда дагы бул сөздөр көп кездешет, ар дайым тизмектешип чогуу, бирге айтылат:

Көпкөк темир кийинип,

Чарайна, соот, кыягы,

Чамынган арстан сыягы [1, 235].

Аткан менен капыры

Ак күбө, соот,кыяктан

Ок өтпөстөн акыры, – деп, Манастын тула бою сүрөттөлөт [1, 449]. Соот менен кыяк терминдери кош сөз формасында көп кездешет экөө биргеликте кийилип бир функцияны аткарып көкүрөктү коргоп турган.

**Туулга –** жоокердин кылыч, ок жана башка куралдардан коргонуу үчүн кийген баш кийими, жыгач, чырпык, териден, коло, темирден ар кандай форма (чулу куюлган, майда-майда шакекче сыяктуу чынжырлардан жыш туташтырылган) түрүндө жасалган. [5, 2-Т. 298]. Темир туулганын ичинен жумшактап кийиз менен андан соң жибек кездеме менен ичтеген, сыртын булгаары менен каптап, төбөсүнөн чок чыгарып жасашкан. Жаагына, желкесине жаап тургандай кылып кайыш бекитилген, ээк жагы бүчүлөнгөн кээ бир туулгалар күмүш менен кооздолгон [5,1]. Манастын жоого аттанганы: Алтындуу калкан жаркылдап,

Ала байрак жалпылдап,

Туулга башта жаркылдап [1, 275];

Жаактыгы сары алтын...

Кулак түпкө тенеген

Туулга кийди башына – деп, берилет [1. 163].

Эпосто байыркы замандардан эле жоокерлер урушка калканчы катары кийүүчү баш кийим болуп колдонулуп келген. Туулганын магиялык касиети Алмамбеттин салгылашуусундагы эпизоддо ачык кездешет.

**Карыпчы** – эпосто аскердик кийимдин бир бөлүгү. Согушта жоокердин колун билегинен ийнине чейин сырткы соккудан сактап калуучу атайын жасалга. Ал кийиз менен кайыштан шырылып тигилип, сырт жагына жазы темирден калканч кадалып, кайып бүчүлөр менен колдун сыртына байланат [5, 1-Т. 285]. Жен кап жоо кийиминин бир түрү, бөлүгү болуп колду-карыны жоо куралдарынан сактоо үчүн пайдаланылган соот.

Белдемчисин байланып,

Беш калааны айланып

Бээжин минер мал экен,

Карыпчысын байланып – деп, Конурбайдын Мааникерди талашканда айтканы [1, 94]. Мындай аскердик кийимдин кыргыздын жоокерлеринен башка бет келген душмандар да кийери көрүнүп турат.

**Боз кисе** – (монг.бусе – белбоо, иранча кисе – белбоо) – 1) эр азаматтын өзүнө гана таандык болгон майда буюмдары тагылуучу кайыш кур; 2) калын кайыштан кооздолуп оттук жана милте салынуу үчүн жасалган баштык. Муну негизинен кисе же кур деп да жалпы жонунан атай берет. Ал эми эпосто жалгыз гана Манастын өзүнө таандык болуп эсептелип, өзүнчө касиетке ээ буюм. Асмандан атайын Манаска арналып башка куралдары менен бирге түшкөн [5, 151]. Кээ бир эпизоддордо ак кисе деп дагы айтылып кездешет. Эпопеяда башка куралдары менен бирге асмандан атайын Манаска арналып түшкөн жеке буюм катары айтылат. Анын касиеттүүлүгү гиперболалык түрдө Манас жоого бет алып, боз кисе курун

белге чалганда кырк чилтен жолдош жанында пайда болуп, капталынан кара чаар кабылан чамынып, чолок куйрук арстан душманын баса калчудай болуп камынып турганы сүрөттөлөт.

Кысталыш жолго киргенде,
Кыйкырып белге чалганда,
Кырк чилтен жолдош бир болгон.
Касташкан жоону көргөндө,
Каарданып курчанса,
Кара чаар кабылан
Капталында чамынган.
Чоло куйрук арстан
Жандай салып камынган
Асмандан түшкөн боз кисе,
Жаным менен дос кисе,

Каныкей, илип койчу кашыма, – деген керээз сөзүндө боз кисенин касиеттүүлүгү эскертилет [СК 2. 211]; [5, 151] .Чыгармада шалдыркан кисе, бото кур деп курга кадала турган кисе жөнүндө да айтылат.

**Көк жеке** – кайыштан кооздолуп жасалган сый өтүк. Көбүнчө атчан жүрүүгө ылайыкталган өтүктөрдү кыздар да, жигиттер да кийишкен. Кыргыз элинин бут кийимдеринин ичинен эн баалуу жана аземдүүсү, кымбат баалуу бут кийим. Аны бир гана эл башкаруучулар кийген. Кээде бийик такасы көндөй жасалып, жылаажын салынып коюлган; баатырлар кийүүчү кооздолгон өтүк, өнүнө карата көк жеке айрым бир жерлерде ак жеке деп дагы кездешет. Манас эпосунда:

Түш энкейген кезинде,
Ордо шайы, көк жеке,
Орчун, Кокон, Маргалан,...
Саалай датка, Сынчыбек,

Сарттан келди токсон мин. – деп, Көкөтөйдү койгону келген датканын бут кийими айтылган [1, 47]. О. Капалбаевдин изилдөөсүндө К. Айдаркулов өзүнүн эмгегинде Чыйырды менен Каныкей Бухараны көздөй качып бараткандагы саптарында:

Көк жеке кийип жөө баскан,
Бу кайсы сөөлөт болот, – дейт [31, 151.]; [7,143].

Көк жеке өтүк өтө көркөмдөлүп, кымбат баалуу таштар чөгөрүлүп сындуу жасалгандыктан кымбатка турган ошондуктан, аны баардыгы эле кийе алган эмес.

Чыгармада көпчүлүк эпизоддордо бутка кийилүүчү өтүк «**накери**» деп, аталат.

Манас эпосунын түшүндүрмөсүндө накердин биринчи мааниси, тумшугу шуштугуй келип, өйдө кайкалап, оюу-чийүү менен кооздолгон азем өтүк. Экинчи

мааниси, ошол эле өтүктүн баатырларга ылайыкталып иштетилген ок өтпөс үлгүсү [23, 499; 320]. «Накер» – сөзү К. Юдахиндин сөздүгүндө, «баалуу үзөнгү, накери теке мүйүздөн» [20, 550], – деген маанини берет деп турат [7, 143].

Накери бутта чойкоюп,
Айбанбоз минип болкоюп,
Сырнайза колдо койкоюп [1, 435]
Аккула менен болкоюп,
Накери бутта чойкоюп – деп, Манастын бут кийими
көркөмдүү айтылса [1,251],
Чобдор өтүк такасыз
Маазысынын сыртынан

Баса кийип алыптыр, – деген саптарда Алмамбет Сыргак экөө жортуулга барарда Сыргакка кийгизген өтүк аталат [1, 403]. Демек, «Көк жекеден» башка «Накер», «Чобдор» аттуу өтүктөр дагы жоо кийимдерине киргендиги кездешет.

«Манас» эпосунун көпчүлүк бөлүгүн жерин баскынчылардан бошотуп, элин эркиндик, көз карандысыз конфедеративдик эл жыйымы, тобу кылып топтоп бирдиктүү чогуун түзүп, аны чон мамлекетке айландырган тенир уулу Манас баш болгон миндеген сансыз жоокерлер, акылман-кенешчиси Бакай коштогон, эгиз түгөйү жана жан досу Алмамбет баатыр жана көп улуттуу, намыскөй, бирдиктүү, толеранттуу кырк чоросу чыгаан баатыр-жоокерлеринин жортуулга, салгылаш-уруштарда колдонулган жоо-куралдары менен бирге кийген кийимдеринин терен мааниси болгон. Өзгөчө ыкманы колдонуп даярдалган идеализацияланган жоо кийимдери баатырларды магиялык сыйкырдуу касиеттери менен формалдык турдө сактап турган.

Руханий мурасыбыз болгон «Манас» эпосундагы фундаменталдык идея этнологиялык маданияттын көөнөрбөс көркөм өнөрүн кемитпей толуктап изилдөөлөр менен кийинки муун-га өткөрүп берүү жана тарыхый этнографиялык кийимдерибиздин маани-манызынын нукуралуулугун сактап, трансформациялап заманбап саркеч кийимдерде колдонуу.

**Адабияттар:**


1. «Манас»: кыргыз элинин баатырдык эпосу, 8- жана 9-китеп; Сагымбай Орозбак уулунун айтуусу б-ча академиялык бас. / түзгөн жана даярдаган С.Мусаев. Бишкек: Турар, 2014. 800 б.
2. «Манас»: Кыргыздардын баатырдык эпосу: Үчилтиктин биринчи бөлүгү.Тыкандап түзгөн Бексултан Жакиев, Т.Т.Герцендин иллюстрациялары пайдаланылды. Бишкек: «Бийиктик», 2011, - 240 б.
3. «Манас»: Кара сөз менен / Авт. К. Жусупов, Сүрөтчүсү Ж. Кадыралиев, А.Касымалиев. Бишкек: КЭнин Башкы ред., 1995. 176 б.
4. «Манас» Ааламы Манастаануу-фольклортаануу илимий журналы / ред. кенеши: Т.Тургуналиев, Ж. Орозобекова, Б., «Турар», №1. Бугу 2016, 200 б.
5. «Манас» энциклопедиясы. Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы. 1995. 1-Т. 440.
6. Кыргыз тарыхы: энциклопедия. Бишкек, 2003.
7. «Кыргызстан» улуттук энциклопедиясы / башкы ред. Ү. А. Асанов. Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2006.
8. Капалбаев О. Кыргыздардын териден жасалган салттуу бут кийимдери // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №6.


**Рецензент:** *канд. ист. наук Момунбаева Н. С.*